**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15 – отуруму**

# Т О К Т О М У

**№ 15/1**

**15.12.2025.** **Гүлчө шаары**

## Гүлчө шаарынын кеңешинин жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнө 2025-жылга карата бекитилген сметасындагы кээ бир салыктык жана салыктык эмес кирешелердин түрүнүн планына өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15-отуруму, Гүлчө шаарынын мэри Н.Э. Тажибаевдин сунушу боюнча экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын чечими менен таанышып, талкуулап, 2025-жылдын 12-декабрындагы протоколунун негизинде Кыргыз Республикасынын 20.10.2021.№123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджет кодексинин 115-беренесине ылайык, Гүлчө шаарынын кеңешинин, жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнө 2025-жылга карата бекитилген сметасындагы кээ бир салыктык жана салыктык эмес кирешелердин түрүнүн планына өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

| К/н | Берененин аталышы | берене | бардыгы | 3-квартал | | 4-квартал | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | көбөйтүү | азайтуу | көбөйтүү | азайтуу |
| 1 | Киреше салыгы | 11 111 100 | -304,8 | | -304,8 | | |
| 2 | Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы | 11321200 | -105,0 | | -40,0 | | -65,3 |
| 3 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы | 11321300 | 400,0 | 400,0 | | | |
| 4 | Ишкердик иши үчүн пайдаланылбаган кыймылсыз мүлккө салык | 11311100 | 202,0 | | | 202,0 | |
| 5 | 2-топтогу ишкердик үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык | 11311200 | 135,0 | | | 135,0 | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Короо жанында жана дачалык жер участокторун пайдалануу үчүн жер салыгы | 11321100 | 30,0 | | | 30,0 | |
| 7 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы | 11321300 | 548,3 | | | 548,3 | |
| 8 | таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым | 14224200 | 500,0 | | | 500,0 | |
| 9 | автоунааларга стоянка жана порковка үчүн жыйым | 14224300 | 400,0 | | | 400,0 | |
| | **жалпы** | | **1805,5** | **400,0** | **-344,8** | **1815,3** | **-65,3** |

2. Гүлчө шаарынын мэриясынын жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн 2025-жылдын бекитилген сметасынын төмөндөгү беренелердин планына өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

| **болум** | **Берененин аталышы** | **бернене** | **бардыгы** | **3-квартал** | | **4-квартал** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **көбөйтүү** | **азайтуу** | **көбөйтүү** | **азайтуу** |
| 704 | Экономикалык суроолор | 2215 | 1557,5 | 55,2 | | 1502,3 | |
| 706 | ЖКХ | 2511 | 248,0 | | | 248,0 | |
| | **жалпы** | | **1805,5** | **55,2** | **0** | **1750,3** | **0** |

3. Жогорудагы акча каражатын 2024-жылдын бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

4. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Каныбек кызы Эркинайга милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу коммисиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15-отуруму**

# Т О К Т О М

**15.12.2025.** **№ 15/2** **Гүлчө шаары**

## Гүлчө шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылга карата киреше бөлүгүнө республикалык бюджеттен салыктын түшүп кетүүсүнө карата кошумча бөлүнгөн максаттуу трансфертти планга киргизип, өзгөртүп берүү жөнүндө

Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15-отуруму, Гүлчө шаарынын мэри Н.Э. Тажибаевдин сунушу боюнча экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын чечими менен таанышып, талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021.№123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджет кодексинин 115-беренесине ылайык, Гүлчө шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнө 2025-жылга карата республикалык бюджеттен салыктын түшүп кетүүсүнө карата кошумча бөлүнгөн максаттуу трансфертти планга киргизип, өзгөртүп берүү жагы каралсын.

| **к/№** | **Берененин аталышы** | **бернене** | **бардыгы** | **4-квартал** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **көбөйтүү** | **азайтуу** |
| 1 | Максаттуу трансферт | 11312100 | 3022,0 | 3022,0 | |
| | **жалпы** | | **3022,0** | **3022,0** | |

2. Гүлчө шаарынын мэриясынын жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн 2025-жылга карата бекитилген сметасынын төмөндөгү беренелердин планына өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

| **бөлүм** | **Берененин аталышы** | **бернене** | **бардыгы** | **4-квартал** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **көбөйтүү** | **азайтуу** |
| 701 | аппарат | 2212 | 60,0 | 60,0 | |
| 701 | аппарат | 2214 | 60,0 | 60,0 | |
| 704 | Экономикалык суроолор | 2222 | 333,3 | 333,3 | |
| 704 | Экономикалык суроолор | 3111 | 2191,0 | 2191,0 | |
| 704 | Автобекет | 2511 | 267,0 | 267,0 | |
| 706 | ЖКХ | 2511 | 110,7 | 110,7 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **жалпы** | | **3022,0** | **3022,0** | |

3. Жогорудагы акча каражатын 2025-жылдын бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

4. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Э.Каныбек кызына милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу коммисиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15 -отуруму**

**Т О К Т О М**

**15.12.2025.** **№ 15/3** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын мэриясынын 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүндө бекитилген сметанын үнөмдөлгөн беренелеринен зарыл болгон кээ бир беренелерге жылдыруу жана тактоо жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15-отуруму, Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевдин сунушу боюнча экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын чечими менен таанышып, талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021.№123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджет кодексинин 115-беренесине ылайык, Гүлчө шаарынын мэриясынын 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүндөгү бекитилген сметасынын үнөмдөлгөн беренелеринен зарыл болгон кээ бир беренелерге жылдыруу жана тактоо жагы каралсын.

| К/н | Болумдордун аталышы | Берененин аталышы | берене | 4-квартал | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | көбөйтүү | азайтуу |
| 1 | Аппарат | Машина жана жабдуулар | 3112 | | 288,8 |
| 2 | Экономикалык суроолор | Машина жана жабдуулар | 3112 | | 308,9 |
| 3 | Бала бакча | Имараттар жана курулмалар | 3111 | | 54,1 |
| 4 | Клуб | Машина жана жабдуулар | 3112 | | 250 |
| 5 | Орто мектеп | Имараттар жана курулмалар | 3111 | | 48,6 |
| 6 | 710-социалдык коргоо | Түрдүү чыгымдар | 2215 | | 90,3 |
| 7 | жкх | субсидия | 2511 | 1040,7 | |
| | | | | 1040,7 | 1040,7 |

2. Жогорудагы акча каражатын 2025-жылдын бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Э.Каныбек кызына милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу коммисиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаардык кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15 - отуруму**

**Т О К Т О М**

**15.12.2025** **№15/4** **Гүлчө шаары**

**Мамлекеттик лизинг компаниясы аркылуу лизинг жолу менен алына турган техникага макулдук берүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15-отуруму, Гүлчө шаарынын мэриясынын сектор башчысы Т.Абдыкадыровдун, мамлекеттик лизинг жолу менен алына турган техникалар үчүн сунушталып жаткан долбоор боюнча баяндамасын угуп, талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 27-беренесин жана 34-беренесинин 2-5-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

1. Мамлекеттик лизинг компаниясы тарабынан лизинг жолу менен алына турган 1(бир) даана автобус алууга макулдук берилсин.

2. Кабыл алынган токтомго тиешелүү болгон иш-кагаздарын тактап, даярдоо жана мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Э. Каныбек кызына милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ<br>ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>ГУЛЬЧИНСКИЙ<br>ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15 - отуруму**

# Т О К Т О М

**15.12.2025.** **№ 15/5** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан 2025-жылдын 10-октябрында кабыл алган №12/7 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 15-отуруму, Алай райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациянын 2025-жылдын 02-декабрындагы №94 сандуу токтомунун негизинде Гүлчө шаарына караштуу Курманжан датка айылындагы муниципалдык менчиктеги 5-01-04-1010-0428 идентификациялык сыр белгидеги аянты 7500, 50 чарчы метр жер тилкесине балдар бакчасынын имаратын курууга бөлүп берүү жөнүндө Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевдин баяндамасын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинин 3-бөлүмүнө, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-берененин 5-17-пункттарына ылайык, **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарына караштуу Курманжан датка айылынын, Курманжан датка-5 көчөсүнүн №49/2-дарегинде жайгашкан, 5-01-04-1010-0428 идентификациялык сыр белгидеги аянты 7500, 50 чарчы метр жер тилкесине балдар бакчасынын имаратын куруу үчүн бөлүнүп берилсин.

2. Юридикалык документтерин тактап, даярдап берүү жагы Алай райондук шаар куруу жана Архитектура башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

3. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчиктер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 15 - отуруму**

# Т О К Т О М

**15.12.2025.** **№ 15/6** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан 2025-жылдын 10-октябрында кабыл алган №12/7 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 15-отуруму, Алай райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациянын 2025-жылдын 02-декабрындагы №94 сандуу токтомунун негизинде Гүлчө шаарына караштуу Курманжан датка айылындагы муниципалдык менчиктеги 5-01-04-1010-0426 идентификациялык сыр белгидеги аянты 26910, 50 чарчы метр жер тилкесине Гүлчө шаарынын жарандары үчүн көп кабаттуу турак-жай куруууга Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевдин баяндамасын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинин 3-бөлүмүнө, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-берененин 5-17-пункттарына ылайык, **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарына караштуу Курманжан датка айылындагы муниципалдык менчиктеги 5-01-04-1010-0426 идентификациялык сыр белгидеги, аянты 26910, 50 чарчы метр жер тилкеси, Гүлчө шаарынын жарандары үчүн көп кабаттуу турак-жай имараттарын куруууга бөлүнүп берилсин.

2. Юридикалык документтерин тактап, даярдап берүү жагы Алай райондук шаар куруу жана Архитектура башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

3. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчиктер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ<br>ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>ГУЛЬЧИНСКИЙ<br>ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15 – отуруму**

# Т О К Т О М

**15. 12.2025** **№ 15/7** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан 2023.18.09. кабыл алынган №19/10 токтомду жокко чыгаруу жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15-отуруму, жер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан 2023.18.09. кабыл алынган №19/10 токтому менен берилген Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги А.Үметалиев көчөсүндө жайгашкан эски, курулушу толук бүтпөгөн имараттын «Б» бөлүгүндө жайгашкан имараттын күн батыш тарабынан, жалпы пайдалануу аянтынан 806,48 чарчы метр жана имаратка тиешелүү 600,0 чарчы метр болгон жер тилкесинин тиш дарылоо бөлүмүнө эч кандай зарылчылык жок экендигине байланыштуу жокко чыгаруу жөнүндө чечими менен таанышып, талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-, 5-пункттарына ылайык, **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги А.Үметалиев көчөсүндө жайгашкан эски, курулушу толук бүтпөгөн имараттын «Б» бөлүгүндө жайгашкан имараттын күн батыш тарабынан, жалпы пайдалануу аянтынан 806,48 чарчы метр жана имаратка тиешелүү 600,0 чарчы метр болгон жер тилкесинин Алай районунун жалпы дарыгерлер практикалык борборунун тиш дарылоо бөлүмүнө эч кандай зарылчылык жок экендигине байланыштуу жокко чыгарылсын.

2. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**ШААРНЫН КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**ГУЛЬЧИНСКИЙ**<br>**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарыныи кезектеги 15-отуруму**

# Т О К Т О М

**15.12.2025.** **№ 15/8** **Гүлчө шаары**

**Алай райондук маданият бөлүмүнүн башчысы Э.М. Бакаевдин, Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги А.Үметалиев көчөсүндө жайгашкан эски, курулушу толук бүтпөгөн имараттын бир бөлүгүн жер тилкеси менен С. Дооронов атындагы балдар искусство мектеби үчүн административдик имарат курууга Алай райондук маданият бөлүмүнө өткөрүп берүү боюнча 30.10.2025. №142 кайрылуу каты жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңешинин кезектеги 15-отуруму, Алай райондук маданият бөлүмүнүн башчысы Э.М. Бакаевдин кайрылуу катын, Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигинде турган 5-01-04-1003-0412 сыр белгидеги коду менен катталган регистрациялык делосун, ошондой эле сериясы Б №034338 номерлүү 12.06.2020-жылы берилген мамлекеттик АКТсын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктунун 12-пунктчасына жана 11-беренесинин 2-пунктуна, 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-, 5-пункттарына ылайык, **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги А.Үметалиев көчөсүндө жайгашкан эски, курулушу толук бүтпөгөн имараттын «Б» бөлүгүндө жайгашкан имараттын күн батыш тарабынан, аянты 3000,0 чарчы метр болгон жер тилкесине С. Дооронов атындагы балдар искусство мектебине административдик имарат куруу үчүн Алай райондук маданият бөлүмүнө өткөрүлүп берилсин.

2. Юридикалык документтерин тактап, даярдап берүү жагы Алай райондук шаар куруу жана Архитектура башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

3. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ<br>ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>ГУЛЬЧИНСКИЙ<br>ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

---

**Гүлчө шаардык кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15 – отуруму**

**ТОКТОМ**

**15.12.2025** **№15/9** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын мэриясы менен мамлекеттик лизинг компаниясы тарабынан 2025-жылы түзүлгөн келишимдин негизинде, муниципалдык менчикке автобус унаасын алуу боюнча баштапкы төлөм үчүн 1 998 000 сом акча каражаты Алай райондук өнүктүрүү фондусу тарабынан каржыланары жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15-отуруму, Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевдин, мамлекеттик лизинг компаниясы менен 2025-жылы түзүлгөн келишимдин негизинде, муниципалдык менчикке 6 660 000 сомдук автобус автоунаасын алуу боюнча №01-20 келишими түзүлүп, баштапкы төлөм үчүн Алай райондук өнүктүрүү фонду тарабынан 1 998 000 сом акча каражаты каржыланышы жөнүндөгү билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-5-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине мамлекеттик лизинг компаниясы тарабынан 2025-жылы түзүлгөн келишимдин негизинде автобус унаасын алуу үчүн баштапкы төлөм 1 998 000 сом акча каржаты Алай райондук өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланары белгиленсин.

2. Түзүлгөн келишимге ылайык, калган 4 662 000 сом акча каражаты 2030-жылга чейин, жыл сайын Гүлчө шаарынын мэриясынын жергиликтүү бюджетинен төлөнүп берилсин.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Э.Каныбек кызына милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРыНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарыныи кезектеги 15-отуруму**

# Т О К Т О М

**15.12.2025.** **№ 15/10** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын тургуну Мурзанов Алмазбектин турак-жай багытындагы жер тилкесинин максаттуу багытын соода-сатык дүкөнүн куруу үчүн өзгөртүп берүү арызы жөнүндө**

Гүлчө шаардык кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15-отуруму, Гүлчө шаарынын депутаты У.Тажибаевдин баяндамасын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 17-пунктуна ылайык, **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын тургуну Мурзанов Алмазбектин 06.10.2025.№5-01-2025-7415 сандуу, 2025.22.10 №5-01-2025-7808 номерлүү Мамлекеттик АКТсы бар, турак-жай багытындагы, аянты 734,85 чарчы метр жер тилкесинин максаттуу багытын соода-сатык дүкөнүн куруу үчүн өзгөртүлүп берилсин.

2. Тиешелүү иш-кагаздарын мыйзам чегинде тактап, иш-алып баруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р.Какаровго милдеттендирилсин.

3. Юридикалык документтерин тактап, даярдап берүү жагы Алай райондук шаар куруу жана Архитектура башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

4. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ<br>ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>ГУЛЬЧИНСКИЙ<br>ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарыныи кезектеги 15-отуруму**

**Т О К Т О М**

**15.12.2025.** **№ 15/11** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги А.Үметалиев көчөсүндөгү №49-даректеги 5-01-04-1003-0876 идентификациялык сыр белгидеги, 06.12.2018-жылы берилген сериясы Б №28971 номерлүү, Мамлекеттик АКТсы бар, 4 536 000,0 сомдук, аянты 1008,00 чарчы метр болгон жер тилкесин Мамлекеттик салык кызматынын Алай району боюнча башкармалыгына административдик имарат куруу үчүн өткөрүп берүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңешинин кезектеги 15-отуруму, мамлекеттик салык кызматынын Алай району боюнча башкармалыгынын 11.12.2025.№ 263 административдик имарат куруу үчүн жер тилке бөлүп берүү жөнүндөгү катын талкуулап, Гүлчө шаарынын мэриясы жана мамлекеттик салык кызматынын Алай району боюнча башкармалыгы, жаңы имараты курулуп бүткөндөн кийин эски имаратты Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине акысыз өткөрүп берүү жөнүндөгү келишимине ылайык, Кыргыз Республикасынын мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктунун 12-пунктчасына жана 11-беренесинин 2-пунктуна, 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-, 5-пунктуна ылайык, **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги А.Үметалиев көчөсүндөгү №49-даректеги 5-01-04-1003-0876 идентификациялык сыр белгидеги, 06.12.2018-жылы берилген сериясы Б №28971 номерлүү, Мамлекеттик АКТсы бар, 4 536 000,0 сомдук, аянты 1008,00 чарчы метр жер тилкесин Мамлекеттик салык кызматынын Алай району боюнча башкармалыгына административдик имарат куруу үчүн өткөрүлүп берилсин.

2. Юридикалык документтерин тактап, даярдап берүү жагы Алай райондук шаар куруу жана Архитектура башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

3. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаардык кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15 – отуруму**

# Т О К Т О М

**15.12.2025.** **№ 15/12** **Гүлчө шаары**

**Алымбек датканын 225 жылдыгына карата өткөрүлгөн маарекенин ийгиликтүү өтүшүнө жана Гүлчө шаарынын өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымдары үчүн, Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарына, Гүлчө шаарынын мэриясынын аппарат кызматкерлерине жана «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын жумушчуларына**
**Гүлчө шаарынын кеңешинин «Ардак Грамотасы » менен сыйлоо жөнүндө**

Гүлчө шаардык кеңешинин депутаттарынын кезектеги 15-отуруму, депутат Ж.Ажибековдун сунушу боюнча, Алымбек датканын 225 жылдыгына карата жана Гүлчө шаарынын өсүп-өнүгүүсү үчүн кошкон салымдары үчүн, Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарын, Гүлчө шаарынын мэриясынын аппарат кызматкерлерин жана «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын жумушчуларын Гүлчө шаарынын кеңешинин Ардак грамоталары, Ыраазычылык каты менен сыйлоо жөнүндө билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021.№123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 40-беренсинин 9-пунктуна жана Жобонун талаптарына ылайык **токтом кылат:**

1. Алымбек датканын 225 жылдыгына карата жана Гүлчө шаарынын өсүп-өнүгүүсү үчүн кошкон салымдары үчүн Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттары, Гүлчө шаарынын мэриясынын аппарат кызматкерлери жана «Гүлчө коммуналдык чарбасынын» жумушчулары Гүлчө шаарынын кеңеши тарабынан «Гүлчө шаарынын кеңешинин Ардак Грамотасы» жана «Ыраазычылык каты» менен сыйлансын.

2. Ушул кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**